# Бир арман

Сөзү: Мээркан Токсобаева

Обону: Туратбек Дүйшеев

Өрттөй сүйүү келбей калды,

Өксүгүмдү жеңбей калды.

Өкүнүчтүн жашын төктүм,

Төкпөгөнгө аргам барбы2

.

Кайырма:

Көкүрөктө муңум калды,

Көмүскөдө бугум калды.

Көңүлүмдө сактайт окшойм,

Өчпөй турган бул арманды2

.

Сүйүү бизден кетип калды,

Саргаярын сезип калды.

Айтчу сага таттуу сөздөр,

Акылымдан өчүп калды2

.

Кайырма:

Кандай жансың билбей койдум,

Карегиңе илбей койдум.

Узун түндө уктабастан,

Учун издейм ушул ойдун.

Махабатым кайтпай калды,

Барактарым актай калды.

Өткөн күнгө окүнүчүм,

Жүрөгүмө батпай калды.

Кайырма:

Сендик сезим гүлдөбөдү,

Сүйүү таптым жүр дебеди.

Тозуп туруп кайра узаттым,

Толкун урган бир кемени2

.